**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ШААРДЫК**
**АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ГОРОДСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы,
Нарын шаары, Ленин көчөсү 76
E-mail: adm63@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-60-19

722600, Кыргызская Республика,
город Нарын, ул. Ленина 76
E-mail: adm63@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-60-19

## Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын
## ЧЕЧИМИ №46

9-апрель, 2021-жыл

Нарын шаары.

### "Жалпы иш" коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловдун билдирүүсү жөнүндө.

"Жалпы иш" коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокелов "Өнүгүү прогресс" партиясы, Нарын шаарынын Алма-Бак аймагындагы Бейшеналиев көчөсүнүн сырткы жарык берүүчү фонарларынын лампочкаларын алмаштырып берип шайлоо мыйзамдарын бузду деп айтылган ооз эки маалымат боюнча билдирүү берген. Бул билдирүү Кыргыз республикасынын Жазык Кодексинин 192 беренесине ылайык, добуш сатып алуу боюнча укук коргоо органдары тарабынан чара көрүүгө жаткандыгына байланыштуу, териштирүү үчүн Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнө жиберилген. Териштирүүнүн алгачкы жыйынтыгы боюнча, "Жалпы иш" коомдук фондуна 13.09.1988-ж туулган Кырбашев Нурбек Токтогонович ооз эки билдиргени аныкталып, 2021-жылдын 7-апрель күнү Нарын шаарынын Алма-Бак аймагындагы Бейшеналиев көчөсүнө "Өнүгүү прогресс" партиясынын талапкери Алымкулов Шайлообек өз каражатынан жол чырактарынын лампочкаларын алмаштыргандыгы тууралуу бир тууган байкеси Кырбашев Канатбек ооз эки билдиргенин айткан. Ал эми Кырбашев Канатбек Токтогонович окуя тууралуу берген көрсөтмөсүндө, кошуна жашаган жашоочулар жол чырактын лампочкаларын алмаштырып жатканын көрүп бул тууралуу Кырбашев Нурбеке айтып, бирок талапкер Алымкулов Шайлообек демөөрчү болуп алмаштырып берип жаткандыгы тууралуу уккан эместигин көрсөткөн. Алгачкы текшерүү иш аракеттеринин жүрүшүндө ошол эле аймактын жашоочусу 10.07.1977-ж. туулган Усенбаев Азамат Жакшыбаевич өзүнүн каражатына Бейшеналиева көчөсүнүн жол чырактарынын 5 даана лампочкасы алмаштырылгандыгы аныкталган.

Аталган иш боюнча и ички иштер бөлүмүнүн маалыматын талкуулап Нарын шаардык аймактык комиссиясы

**ИМ КЫЛАТ:**

1. “Жалпы иш дук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловдун билдирүүсү боюнча ша йзамын бузуу фактысы алгачкы териштирүүдө аныкталбагандыгы белги.

2. Кошумча териштирүүдө мыйзам бузуу фактысы аныкталган учурда “Жалпы иш” коомдук фондуна билдирилсин.

3. “Өнүгүү прогресс” партиясынан талапкер Ш.Алымкуловго кошумча териштирүүдө жаңы жагдай келип чыкса кайра каралаары эскертилсин.

4. Териштирүүнүн жыйынтыгы чечим менен “Жалпы иш” коомдук фондунун байкоочусу Н.Тобокеловго, “Өнүгүү прогресс” партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилсин.

5. Бул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жиберилсин.

**Төрага:** **В.Качкынбаева**

**Катчы:** **Б.Жакыпова**